КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК**
**№22 ЖАЛПЫ НЕГИЗГИ БИЛИМ**
**БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕБИ**

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**ОСНОВНАЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ**
**ШКОЛА №22**

715600. Жалал-Абад ш. Курорт булагы 4
тел. 2-18-09

715600, г. Жалал-Абад, Курортный ключ 4
тел. 2-18-09

# БУЙРУК №70

№22 жалпы негизги билим
берүүчү мектеби боюнча

01.09.2020

**2020-2021-окуу жылдын башталышына карата "Коронавирус" илдетин алдын алуу боюнча ыкчам штабын түзүү жөнүндө**

2020-2021-окуу жылында шаардын билим берүү уюмдарында окуу процессин уюштурууда өлкөдөгү эпидемиологиялык абалга байланыштуу окуучулардын жана педагогдордун коопсуздугун камсыздоо максатында Жалал-Абад ШБББнүн 2020-жылдын 1-сентябрындагы №141 буйругунун негизинде **буйрук кылам:**

1. Мкектепте 2020-2021-окуу жылдын башталышына карата "Коронавирус" илдетин алдын алуу боюнча штаб түзүлүп жана штабдын курамы бекитилсин (1-тиркеме)
   1. А.Д. Мамырасулова - мектеп директору
   2. М.А. Мирзаходжаева - профсоюз уюмунун төрайымы
   3. С.С. Канатова - окуу бөлүм башчысы
   4. О.С. Абдулгазиева - мектептин соц.педагогу
   5. Н.С. Рахманова - башталгыч класс мугалими
2. Мектептин алдындагы "Корновирус" илдетин алдын алуу боюнча ыкчам штабына:
   - Өлкөдө түзүлгөн эпидемиологиялык кырдаалды эске алуу менен жаңы окуу жылынын биринчи чейректеги окуу процессин аралыктан окутууну уюштуруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы №244 "Коронавирус инфекциясынын (COVID-19) жайылуу коркунучун азайтуу боюнча кошумча чаралар жөнүдөгү" токтому менен бекитилген Убактылуу санитардык-эпидемиологиялык эрежелер менен ченемдер "Коронавирус инфекциясы" (COVID-19) жайылышын алдын алуудагы санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим, саламаттыкты сактоо министрликтери тарабынан иштелип чыккан нускамага, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 21-августундагы №664/1 буйругуна жана 2020-2021-окуу жылында билим берүү уюмдарында окуу процессин уюштурууда өлкөдөгү эпидемиологиялык абалга байланыштуу окуучулардын жана педагогдордун коопсуздугун камсыздоо тапшырылсын
3. Мектепте 2020-жылдын 1-сентябрынан баштап 1-класстын окуучулары реалдуу убакыт режиминде окутуу жүргүзүлсүн.
4. 2020-жылдын 1-сентябрынан баштап 2-8-класстардын окуучуларын аралыктан окутуу форматында жүргүзүлсүн.
5. Мектеп администрациясы, кызматкерлери 2020-2021-жаңы окуу жылында мектепте окуу процессин уюштуруу боюнча нускамалар:
   - Коронавирус инфекциясы (COVID-19) алдын алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан иштелип чыккан нускаманын негизинде мектеп администрациясы, кызматкерлери, мектеп окуучулары жана ата-энелер үчүн нускамалар (1-тиркеме);

- 2020-2021-жаңы окуу жылында пандемия шартында мектепте окуу процессин уюштуруу боюнча нускамалар (2-тиркеме);
- 2020-2021-жаңы окуу жылында пандемия шартында мектепте 1-класстын шашке чайын уюштуруу боюнча нускамалар(3-тиркеме) менен таанышсын.

6. Аралыктан(дистанттык) мезгилинде ата-энелерге методикалык, психологиялык жардам көрсөтүү боюнча нускама, окуучуларга сунуштамалар класс жетекчилер аркылуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен жеткирилсин.
7. Бекитилген нускамалар мугалимдерге, окуучуларга жана ата-энелерге жеткирүү менен мектепте атайын бурч уюштуруу жагы окуу бөлүм башчысы С.С. Канатовага жүктөлсүн
8. 2020-2021-окуу жылында видеосабактардын темалыран эске алуу менен календардык-тематикалык пландар иштелип чыгуу жагы мугалимдерге, ал эаи көзөмөлдөө жагы окуу бөлүм башчысы С.С. Канатовага милдеттендирилсин.
9. Мектеп администрациясы 1-класстын окуучуларын реалдуу убакыт режиминде окутуу үчүн:
   - 2020-жылдын 1-сентябрында 1-класстар үчүн бардык санитардык талаптарды сактоо менен Билим күнү уюштурулсун, ийкемдүү графикке ылайык мектеп боюнча экскурция, мугалимдер менен таанышуу жана "Сүйүктүү Кыргызстаным" аттуу биринчи тарбиялык саат класс жетекчиси Н.С. Рахманова тарабынан өтүлсүн
   - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы №244 токтому менен бекитилген "Коронавирустук инфекциясын (COVID-19) жайылышына жол бербөө боюнча санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди жана ченемдерди сактоо менен мектепте коопсуз билим берүү шарттарын (үзүлтүксүз дезинфекциялоо, санитайзерлерди, жеке коргонуу каражаттарын ж.б.) камсыз кылуу боюнча иш чаралар уюштурулсун
   - Ата-энелерге/мыйзамдуу өкүлдөргө билим берүү процессинде санитардык ченемдерди сактоонун зарылдыгы жөнүндө маалыматтык-түшүндүрүү иштери туруктуу негизде жүргүзүлсүн
10. 1-класстын шашке чайын уюштурууда ашканаларды, идиш-аяктарды дезинфекциялоого, санитардык талаптарды аткарууга, аралыкты сактоого шарттарды түзүү жагы ашпозчу Э.С. Канатовага жүктөлсүн.
11. Мектепте 2-8-класстардын окуучуларын аралыктан окутуу үчүн :
   - 2020-жылдын 1-сентябрында 2-8-класстарында "Сүйүктүү Кыргызстаным" аттуу темада Билим күнүндө аралыктан биринчи тарбиялык сабактарды өткөрүү жагы класс жетекчилерге милдеттендирилсин
   - Жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартын аралыктан окутууну уюштуруу аркылуу ишке ашыруусун касыздоо менен мугалимдерге сапаттуу аралыктан окутууну уюштуруу боюнча вебинарларга (натыйжалуу жооп кайтаруу, үй тапшырмаларынын көлөмүн жана аларды баалоо методдорун аныктоо ж.б.) катышуусун көзөмөлдөө жагы окуу бөлүм башчысы С.С. Канатовага жүктөлсүн
   - Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте (макулдашуу боюнча) аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү окуучулардын санын аныктап жана алардын аралыктан билим алуусуна колдоо көрсөтүү менен психологиялык кызмат, "ыкчам байланыш" уюштуруу жагы соц.педагог О.С. Абдулгазиевага жүктөлсүн
12. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын

**№22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин директору :** **Мамырасулова А.Д.**

«Бекитем»

Мектеп директору

_________ Мамырасулова А.Д

«____» «__09__»2020-жыл

Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү метебинин «Коронавирус» оруусун алдын алуу боюнча түзүлгөн

иш-планы.

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Мөнөтүү | Жооптулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Шаардык билим берүү бөлүмүнөн келген буйруктун негизинде «Короновирус» оруусу боюнча иш чараларды түзү бекитүү | Сентябрь | Мектеп администарациясы |
| 2 | Ар түрдү оорулардын алуу максатында тарбиялык сааттарды өтүү. | Жума сайын | Класс жетекчилер Тарбия завучу |
| 3 | ГСВ кызматкерлери менен чогулуштар өткөрүп түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. | Ар дайым | ГСВ кызматкерлери Класс жетекчилери |
| 4 | Бурчтар уюштуруу | Ар дайым | Класс жетекчиленр |
| 5 | «Короновирустун» алдын алуу максатында диктанттар жаздыруу (2-9 кл) | Ноябрь | Предмет мугалимдери |

. Түзгон:

Тарбиялык иштер боюнча

директор орун басары: __________ Абдулгазиева О.С

"Бекитемин"
А.Д.Мамырасулова
"___" ______ 201-2022-окуу жыл.

**Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин 2021-2022-окуу жылында COVID-19 "Омикрон" штаммын алдын алуу боюнча түзүлгөн иш-чарасы**

| № | Аткарылуучу иш-чаралар | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин **COVID-19** жугуштуу оорусунун "Омикрон" В1.1.529 штаммынын алдын алуу максатында санитардык талапка ылайык санитардык көрсөтмөнүн талаптарын толук аткарууга алуу. | Эпидемиологиялык кырдаал турукташканга чейин | Тарбия завуч Соц.педагог |
| 2 | Ар бир класста жылуулукту өлчөгүч термометр милдеттүү түрдө болсун. | Ар дайым | Тарбия завуч Класс жетекчи |
| 3 | Мектептин имаратына кирүүдө кызматкерлердин, окуучулардын жана ата-энелердин дене табын өлчөө нөөмөтчү мугалим дайындоо. | Эпидемиологиялык кырдаал турукташканга чейин | Тарбия завуч Нөөмөтчү мугалим |
| 4 | Мектеп кызматкерлердин же окуучулардын температурасы жогоруласа же курч респератордук оорунун белгилери байкалса, үйүндөгү үй бүлө мүчөлөрүнүн ушундай даттанма байкалса тез жардам чакыруу же үй бүлөлүк дарыгерлер тобуна билдирүү | Эпидемиологиялык кырдаал турукташканга чейин | Мектеп администрациясы Класс жетекчилер |
| 5 | Мектеп кызматкерлеринин, окуучулардын жана ата-энелер арасында бет кап эрежесин кармануу бет кап респераторлордун запасын даярдоо суралсын. | Ар дайым | Тарбия завуч Соц. Педагог Класс жетекчилер |
| 6 | Мектептин кире беришине санитайзерлерди жана дизинфекциялык килемчелер, кол жуугучтарды орнотуу. | Ар дайым | Мектеп админицтрасиясы |
| 7 | Мектеп кызматкерлерин гигиеналык каражаттар менен камсыздоо керектүү өлчөмдө (суюк самын, антисептик, бет кап) запасын даярдоо | Ар дайым | Мектеп администрациясы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| [illegible] | Сабактан кийин окуучуларды үйгө жөнөтүүдө ата-энелер менен 1,5-2 м аралыкты сактоо, мектепке жана класстык бөлмөлөргө ата-энелерди киргизбөө. Мугалимдер спрей, антисептик жана бир жолку салфеткалар менен ар бири өздөрү камсыздоо | Ар дайым | Тарбия завуч<br>Соц.педагог<br>Классжетекчилер |
| 9 | Бардык класстык бөлмөлөрдү нымдуу тазалоо. Бөлмөлөрдү 15-20 мүнөттөн желдетүү. | Ар дайым | Тарбия завуч<br>Класс жетекчилер |
| 10 | Иш- чараларды өткөрүүдө аралыктарды жана эрежелерди сактоо | Ар дайым | Мектеп администрациясы |

Даярдаган:
Тарбиялык иштер боюнча
директордун орун басары: Абдулгазиева О.С

**Ковид-19дун омикрон варианты дүйнө жүзү боюнча тез эле жайылып, илимпоздордун оюнча, ал бүгүнкү күнгө чейин вирустун эң жугуштуусу болуп турат.**

Бирок коронавирустун бул варианты мурдагы варианттарга караганда жеңилирээк симптомдорго ээ. Ошондуктан аны суук өткөрүп алуу же гриппке окшоштуруп жатышат. Ошентсе да омикрондун тез жайылышы саламаттык сактоо тармагына басымды күчөтүп, эмдөөдөн өтө элек адамдар жана коркунучка кабылган топтор үчүн коркунуч жаралууда.

Коронавирус менен дем алуу органдары аркылуу жуккан (респиратордук) инфекцияны кантип айырмалай алабыз?

"Биздин оюбузча, омикрондун белгилери эмдөөдөн өткөн адамдарда байкалган жеңил варианттарга окшошуп кетет, мисалы дельтага", - деди Би-Би-Сиге Лондон Королдук коллежинин профессору Тим Спектор. Ал окуу жайдын Zoe коронавирус изилдөө борборун жетектейт.

Профессор Спектор жана анын кесиптештери миңдеген адамдардын маалыматтарын чогултушкан. Адамдар бир колдонмого өздөрүнүн симптомдорун киргизип турушкан. Изилдөөчүлөр дельта жана омикрон варианттарына тиешелүү симптомдорду талдап чыгышкан.

Бүгүнкү күнгө карата төмөнкү беш симптом көп учураган:

Мурундун агышы

- Баш оору
- Чарчоо (орточо же катуу)
- Чүчкүрүү

1. Тамак оору

Симптомдордун жеңилирээк болуп калышынын себептеринин бири - көптөгөн адамдардын эмдөөдөн өткөнү же кандайдыр бир иммунитет иштеп чыкканы.

Азырынча омикрон вакцина ала элек жана иммунитети начар адамдарга кандай таасир этерин айтууга өтө эрте.

Профессор Спектор белгилегендей, омикрон вариантына байланыштуу көптөгөн симптомдор суук өткөрүп алууга окшоп жаткандыктан адамдар өздөрүндө коронавирус бар экенин түшүнбөй деле калышы ыктымал.

Демек, омикрон өтө тездик менен жайылып жаткан аймактарда суук тийгизип алгандай болгон бир кишиге коронавирус жугуп калган болушу толук ыктымал. Мындай көрүнүш Лондондо да болууда.

Эгерде вирус жугузуп алдым деп ойлоп жатсаңыз, анда тез арада коронавируска тест тапшыруу эң маанилүү иш. Жеңил симптом байкалган же эч кандай симптому жок адамдар дагы башкаларды коркунучка кептери бышык.

Коронавирустун мурдагы варианттарынын симптомдорунда дене табы көтөрүлүп, жөтөл пайда болуп, жыт жана даам сезилбей калчу.

Бирок профессор Спектордун айтымында, жаңы инфекцияга туш болгонун кабарлагандарда "классикалык симптомдор" байкалган эмес.

Британиянын Улуттук саламаттык сактоо кызматы төмөнкү симптомдорго көңүл буруу керек деп кеңеш берет:

1. Кокустан эле тынбай жөтөлүү
2. Дене табынын көтөрүлүшү
3. Даам жана жыт сезбей же өзгөрүп кетүү

Бирок айрым адамдардын башы, тамагы ооруп, мурду агып, коронавирус "өтө жаман суук тийгендей" сезилиши ыктымал.

37,8С даражадан жогору болгондун баары дене табынын көтөрүлүшүнө кирет. Адамдын денеси коронавирус менен эле эмес, кандай гана инфекция менен күрөшпөсүн, температура көтөрүлүп кетет.

Ошондуктан термометрди (градусник) колдонгон оң. Эгерде термометриңиз жок болсо, анда көкүрөгүңүздү же аркаңызды кармаганда ысык болуп-болбогонун текшериңиз.

Эгерде суук өткөн болсо, анда дене табы көтөрүлбөйт.

Температураңыз жогору болсо, анда коронавируска тест тапшыруу сунушталат.





